КАРАЛДЫ
методикалык кенештин
№__2_ протоколунда
«___24__»_ноябрь___2021-ж

БЕКИТЕМ
№7 жалпы орто билим берүү
мектебинин директору
_______ Бердалиев Ч.Б
24.11.2021-ж

# №7 жалпы орто билим берүү мектебинин педагогикалык окууну өткөрүү жөнүндө жобосу

**1.Жалпы жобо**

1.1.Кыргыз Республикасынын Билим берүү Мыйзамына ылайык педагогикалык кызматкерлер арасында педагогикалык окуу өткөрүлөт.
1.2. **Педагогикалык окуу** – педагогдордун, педагогикалык илимдин жана агартуу ишмерлеринин, коомдук өкүлдөрдүн педагогикалык алдынкы тажрыйбаларын жыйынтыктоо жана жайылтуу максатында мезгил-мезгили менен өткөрүлүүчү кеңешмеси.
1.3.Мектепте иштеген бардык педагогикалык кызматкерлер педагогикалык окууга катыша алышат.
1.4.Педагогикалык окуунун тематикасы жана мазмуну керектүү квалификациялуу кесипкөй кызматкерлерди даярдоонун актуалдуулугун аныктайт.
1.5.Педагогикалык окуу атайын тема боюнча өтүлөт.
1.6.Педагогикалык окуу пед.жамааттын угуу формасында өткөрүлөт.
1.7. Өткөрүү мөөнөтү белгиленет.
**2..Педагогикалык окуунун максаты жана милдеттери**
**2.1. Максаты:**
Педагогикалык тажрыйбаларды жайылтуу жана таратуу аркылуу педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын кесптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу
**2.2. Педагогикалык окуунун негизги милдети:**

- Билим берүү мекемесинин жетекчилеринин жана педагогикалык кызматкерлеринин илимий-методикалык кесиптик биминин сапатын жогорулатууну камсыз кылууда алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды аныктоо жана жайылтуу;
- Педагогдордун маданий кесиптик баалуулуктарын,демилгелерин ишке ашырып өзүн көрсөтүүгө шарт түзүп берүү;
- Окутууда жана тарбиялоодо керектүү кесипкөй кызматкерлерди илимий методикалык иштелмелердеги актуалдуу көйгөйлөрдү үйрөнүүгө тартуу;

**3.Педагогикалык окууну уюштуруу жана өткөрүү**
3.1.Педагогикалык кызматкерлер арасында педагогикалык окууну уюштурууну жана өткөрүүнү мектептин методикалык кызматы жетектейт.
3.2. Катышуучуларынын педагогикалык окууга даярдануусуна багыт берүү максатында жетекчилик кылуу үчүн уюштуруу комитети түзүлөт .
Уюштуруу комитетинин составына директордун орун басарлары, метод кеңештин мүчөлөрү УБнин жетекчилери кирет.
3.2.Педагогикалык окууга катышуучунун кандидатурасын тандоо өзүн сунуштоо тартиби аркылуу жүргүзүлөт.
Жашы,педагогикалык стажы чектелбейт.
**4 Педагогикалык окууну өткөрүүнүн тартиби**
Педагогикалык окуу төмөнкүдөй тартипте өткөрүлөт:
4.1.Педагогикалык кызматкерлер докладдын тематикаларын тандашат.
4.2. Педагогикалык окуунун графигин түзүү үчүн метод кабинетке заявка беришет.
4.3.Педагогикалык окуунун графиги ;

4.4.Докладдын мазмуну
4.5.Докладдын мазмунуна коюлуучу талаптар.
Докладдын мазмуну,актуаулдуулугу,теманы ачып берүүсү каралат.
Доклад 5-7 барактан кем болбошу керек.Электрондук түрүндө 1экземпляры метод кабинетке тапшырылат.

**5.Педагогикалык окуунун жыйынтыгы**

Педагогикалык окуунун жыйынтыгы менен докладдардын жыйнагы түзүлөт.
Педагогикалык окууга катышкан активдүү катышуучулар  метептин грамотасы менен сыйланышат.